# АРАВАН ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН

## ПРОТОКОЛУ № 11

Араван айылы

02-декабрь 2021-жыл

**Чогулуштун төрагасы:** Кудайбердиева С.

**Чогулуштун катчысы:** Халилова А.

**Чогулушка катышкан комиссия мүчөлөрү:** Юнусалиев Х, Сайибжанов Т., Ташходжаев Р., Арапова К., Ганиев Ф., Амракулов Ж, Абдраимова А.М.Омурзакова,К.Хакимовалар.

**Чогулушка чакырылгандар:** КРнын БШКсынын Араван району боюнча координатору Шералиева А., № 5582 УШКнын торагасы Салихожаева, №5350 УШКнын катчысы Холматова С.

## КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо куну «Коомар Медиа» коомдук фонду тарабынан шайлоо процессинин журушундо мыйзамдуулуктун бузулуусу боюнча арызын кароо жонундо.
   1. № 5582 УШК сы боюнча
   2. № 5350 УШК сы боюнча

Күн тартибиндеги маселе боюнча № 6 Араван ОШК төрагасы С.Кудайбердиева соз суйлоп, 28-ноябрь куну шайлоонун журушундо № 5582 шайлоо участкасында «Коомар Медиа» коомдук фондунун байкоочулары эрте менен саат 07:50 келишип, торагадан шайлоо комиссияларынын мучолоруно чучу кулак откоруу менен иш болуштуруу керектигин айтышып, мыйзам бузулгандыгын билдиришкен. Ошондой эле байкоочулар торага тарабынан шайлоо участкасынан кууп чыгарылган деп билдиришкендигин айтты.

Бул боюнча отурумга аталган № 5582 УШКнын торагасы Х.Салихожаева катышып жаткандыктан бул арыз боюнча тушундуруп беруусун суранды.

**1.Х.Салихожаева:** Мен чындыгында эле эрте менен саат 07:00 боло электе эле шайлоо участкасына келип, шайлоо участкасын санитардык эпидемиялогиялык кароодон откоруп, дезинфекция жасап, тиешелуу жабдыктардын (АСУ,иденфикациялоо аппараттарын)кароодон откоруп, чучу кулак негизинде бардыгына болунгон милдеттерин аткарууга даярдадым.

«Коомар Медиа» коомдук фондунун байкоочулары саат 8ге 10 минута калганда келишип катталышты жана менден чучу кулак откорууну талап кылышты. Бирок,мыйзам боюнча саат 8де шайлоо башталышы керек эле, мен эрте менен келген байкоочулар катышкандыктарын айттым. Бирок, алар мага кайра кайра чучу кулак откорбогонсуз дешип, ишиме жана шайлоонун журушуно тоскоолдук жарата беришкендиктен мен № 6 Араван ОШК га телефон кылып чакырдым жана ички иштер болумунун кызматкерлеринен жардам сурадым.

Сыртка чыкканда алар актка кол коюп беруумду талап кылышты, мен акт менен таанышып, анан кол коем десем, алар жон эле коюп бере берениз деп талап кылышты, мен окубай туруп кол койбойм деп билдирдим.(тушунук каты тиркелет)

Кун тартибинде каралып жаткан маселе боюнча созго чыккан:

2. **А.Халилова** – ОШК катчысы: Чындыгында эле, аталган УШКнын торагасы телефон кылгандыгын, ал участкага ОШК торагасы С.Кудайбердиева жана БШКнын атайын окулу А.Шералиева барышкандыгын билдирди.

3. **С.Кудайбердиева**: Биз барган учурда «Коомар Медиа» коомдук фондунун байкоочулары кетип калышкан экен. Биз участкага кирип, башка байкоочулар менен суйлошуп, шайлоонун журушундо мыйзам бузуулар болгондугу жонундо сурадык.Алар тынч отуп жаткандыгын билдиришти. Биз УШК мучолоруно коомдук байкоочулар шайлоонун мыйзамдуу отуусуно жардам беришерин, алар менен жакшы мамиледе болуп, керектуу шарттарды жаратып берип, биргеликте шайлонун таза жана тынч отуусуно жетишуу керектигин тушундурдум.

Торагадан чучу кулак боюнча сураганыбызда ал откоргондугу жонундо чечими бар экендигин айтты, биз торагага байкоочуларга мыйзамда корсотулгон шарттарды жаратып, шайлоочулардын добуш беруу купуялуулугуна таасир этпегендей жерден орун беруусун, журналисттерге, байкоочуларга «Кыргыз Республикасынын Президентин жана ЖК депутаттарын шайлоо жонундогу» Конституциялык Мыйзамынын 11-берене 4- болумчосуно ылайык аныкталган жерден фото,видеого тартууга уруксат беруу керектигин эскерттик.

Кун тартибиндеги 2чи маселе боюнча № 5350 Араван шайлоо участкасынын катчысы чакырылып, тушунук каты алынды жана бул маселе боюнча тушундуруп беруусун суранды.

**4.Холматова С - № 5350 УШКнын катчысы:** Бизде шайлоо процесси журуп жаткан учурда саат 11:30 чамасында АСУ аппараты жакшы иштебей, бюллетендердин отуусу аябай акырын болуп, шайлоочуларга ыңгайсыз абал жаратты. Бул боюнча биз ГТП тобуна телефон чалып, АСУ аппаратын коруп беруунү сурандык. Алар келип, техникалык жардам берсе да бюллтендер акырын отуп,шайлоочулар аябай кыйналышты,ошондуктан,АСУ операторлору АСУ жакшы иштеп кеткенге чейин жардам берип турууга мажбур болушту.Байкоочулар айткандай, шайлоочуларга басым жасоо эч мумкун эмес эле, анткени,АСУ операторлорунун кабинаны кароо мумкунчулугу болбогон. Бул боюнча башка байкоочулар менен биргеликте акт тузулуп, алар тарабынан дооматтар болгон жок.

АСУ аппараты ондолгондон сон,АСУ оператору Вахидова М.башка тарапка жылдырылды.

Созго чыккан ОШК мучолору Х.Юнусалиев, Ф.Ганиев,А.Абдраимова,М.Омурзаковалар да соз суйлошуп, шайлоонун мыйзамдуу отулгондугун белгилешти.

Созго чыккандардын сунуш,пикирлерин угуу менен
Араван округдук шайлоо комиссиясынын отуруму

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. № 5582 УШКнын торагасы Х.Салижановага шайлоону мыйзам чегинде бардык баскычтарын тыкан откоруууго, документтерин кызыккан байкоочуларга дароо беруу керектигин тушундурулуп, мындан ары так иштоо боюнча эскертуу берилсин.
2. № 5350 УШКнын катчысы С.Холматовага шайлоо процесстерин мыйзам чегинде уюштуруу тапшырылсын.
3. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОШКнын торагасы С.Кудайбердиевага милдеттендирилсин.

Араван округдук шайлоо
комиссиясынын төрагасы: Кудайбердиева С.

Араван округдук шайлоо
комиссиясынын катчысы: Халилова А

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №6 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ